**М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2018-2019-окуу жылына карата гуманитардык усулдук бирикмесинин аткарылган жылдык**

**АНАЛИЗ.**

2018-2019-окуу жылынын башталышы мененУБнын иштери УБмүчөлөрүн тактоо, насаатчы мугалимдери аныктоо жана жыл ичинде аткарыла турган иштерге программа түзүү менен башталды.

УБнын иш планы жана жылдык иш планы талкууланып усулдук бирикмедеги мугалимдердин сунуштарын каралды.Окуу жылына түзүлгөн планды бекитүү иши УБ жетекчиси менен мектеп администрация тарабынан макулдашылды.

Сентябрь айында аткарылган иштер, окуучулардын иш дептерлерин, жат жазуу дил баян дептерлерин толуктоо көзөмөлдөө менен иштери менен башталган. Окуучулардын китеп менен камсыз болушун тактоо иши менен жумалык жыйынтыкталды.

Мамлекеттик тилдин 29- жылдыгына кыргыз тил декадасынын иш чаралары болуп өттү.Декаданын программасына салтанаттуу линейка,ачык сабак,конкурс,дил баян, дубал газеталар ырлар сынагы уюштурулду жана окуучулар грамоталар менен сыйланды.

Октябрь айында аткарылуучу иштер айлыктын биринчи жумасында усулдук бирикмеде кеңешмеде талкууланды.1-чейректин жыйынтык иштерин алууда окуучуларга түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.

Талантуу жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иш планы түзүү иши мектептин мүдүрү, окуу бөлүмүнүн башчысы жана УБ жетекчиси менен макулдашып бекитилди. Окуучуларды ар бир предмет мугалимдери текшерүү иштери аркылуу кошумча сабактарга алды.

Устат жана шакирт иши жолго коюлду. Насаатчы мугалимдер жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүлдү. Өз ара сабакка катышуу дептери көзөмөлгө алынды. Биринчи-чейректин жыйынтыгы жана усулдук бирикменин жыйынтыгы билдирүүлөрдө көрсөтүлдү.

2018-2019-окуу жылынын ноябрь айынын биринчи жумалыгында сапатуу билим берүүдөгү интернет булагынан алынган маалыматтарды сабактарда колдонуу боюнча бирикме мүчөлөрү сабактарды өтүштү. Жардам катары улуу муунга жаш адистер жардам көрсөтүп турушту.Ноябрь айында мектеп ичинде өтүлүүчү олимпиада иштери алынды. Олимпиада иштеринин жыйынтыгы боюнча Курманбекова Азиза орус тил сабагынан райондук олимиадага тандалды.

Декабрь айында орус тил сабагыгын декадасы болуп өттү.Декадалык иш-чаранын мазмунуна камтылган конкурс,көркөм окуу,дил баян,майрамдык кече жогорку деңгээлде өттү.

Экинчи чейректин жыйынтыгына даярдоо,текшерүү иштерин алуу.1-жарым жылдыка аткарылган иш чараларга анализдери алынды.

Январь айында айлык пландын негизинде англис тил предметинен декада болуп өттү.Декаданын прогаммасынын негизинде башталгыч класс өзүнчө жогорку класста өзүнчө болуп эки тур менен өтүлдү.Декадада жомок,ыр сынагы,конкурстар камтылып катышкан окуучулар сыйланды.

Февраль айында тарых сабагынан декада болуп өттү.“Тарыхы болбой эл болбойт”темасында декада болду.Декаданын программасына “Тарыхый инсан”,”Тарыхый окуя”,конкурстары болуп өттү.”Жети керемет”сүрөт конкурсу өттү.Программадагы иш чаралардын баары аткарылып,жыйынтыгында катышкан окуучулар сыйланды.

Март айында усулдук бирикмеде "Окууда жетишүүсү өзгөчө,начар окуучулар менен иштөөдө менин ыкмам"деген темада тегерек стол өткөрүлдү.Жооптуу орус тил мугалими Абдулдаева А.Т.болду.Март айында окуучулардын жазуу иштеринин абалы текшерилип жыйынтыгы жакшы деп табылды.

Апрель айынын башында гуманитардык усулдук бирикмеде кенешме болуп өттү. Кеңешмеде айлык план такталды. Бул айда мамлекеттик сынактарга даярдык көрүү болду.Даярдык көрүүдө экзамендик тапшырмалар даярдалып бекитилди.Бүтүрүүчүлөргө машыгуу экзамендери болуп,окуучуларга жана ата-энелерге экзамендин өтүлүшү боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.

Май айында усулдук бирикмеде мугалимдерди санариптештирүү максатында "Жаңы ыкмаларды санариптүү колдонуу."темасында доклад окулду.Ай ичинде окуучуларга экзаменге даярдоо боюнча консультациянын өтүлүүсү каралды.Окуучулардын даярдыгы жакшы болуп табылды.

Июнь айында бүтүрүүчү окуучулардын экзамендери ийгиликтүү аяктап бүттү.Жылдык иштерге анализ берилди.Гуманитардык усулдук бирикмеде аткарылуучу кийинки жылдын планы болжомолдуу түрдө түзүлдү. Жыл ичинде пландын негизинде коюлган иштердин бардыгы аткарылды.

Г.У.Б.Ж. Тулекулова Б.Т.